**Мамлекеттик тилди санариптештирүү багытталган «Эң мыкты долбоор» боюнча шаардык сынактын**

**ЖОБОСУ**

## 1. Жалпы маселелер

- Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгынын негизинде «2019-жыл – Аймактарды өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү» деп белгиленген. Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди санариптештирүү боюнча натыйжалуу маалыматтык ишти камсыз кылуу максатында;
- Ош шаарынын мэриясынын 2019-жылга карата мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча жылдык планын ишке ашыруу максатында мэрия жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларынын, ЖОЖ окутуучуларынын жана студенттердин арасында мамлекеттик тилди санариптештирүү багыты боюнча жана мамлекеттик тил мыйзамын кабыл алуусуна 30 жылдыгына арналган **«Эң мыкты долбоор»** темасында сынак өткөрөт.

## 2. Сынактын максаты:

- Кыргыз элинин тарыхын, маданиятын жана тилин сактоо, өнүктүрүү, рухий дөөлөттөрдү даңазалоо;
- Жаш муунду мамлекеттик тилди санариптештирүүнүн негизинде жарандык атуулдукка, достукка, биримдикке, улут аралык ынтымакка үндөө;
- Жаштарды тапкычтык, жаратмандык, ишмердүүлүк сыяктуу сапаттарын ачуу жана илимий көз-карашын, көркөм-эстетикалык шыгын өнүктүрүү;
- Мамлекеттик тилди тереңдеп окуп үйрөнүү боюнча мектеп окуучуларынын, мугалимдердин жана студенттердин изденүүсүнө, билимине, тапкычтыгына баа берүү.

## 3. Сынакты уюштуруу жана өткөрүү тартиби

- Сынак шаардагы жалпы билим берүүчү окуучуларынын, ЖОЖ мугалимдеринин жана студенттердин арасында 2019-жылдын 19-апрелине чейин өткөрүлөт.
- Сынакты уюштуруу комитетинин курамына Ош шаарынын мэриясынын, Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын,мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын жетектөөчү адиси, Ош технологиялык университетинин кызматкерлери кирет жана анын төрагасы, төраганын орун басары, катчысы аныкталып, буйрук менен бекитилет. Уюштуруу комитети курамы 5-7 кишиден турган компетенттүү адистерден калыстар тобун бекитет.

## 4. Сынакты өткөрүү эрежелери

- Сынак долбоор жактоо формасында өткөрүлүп, 3 категорияда каралат: мектеп окуучулары өзүнчө, мугалимдер өзүнчө, студенттер өзүнчө;
- Катышуучу төмөндөгү тема/багыт/тармак боюнча өзүнүн долбоорун (кагаз жана слайд түрүндө) түзөт жана жактайт:
  - Мамлекеттик тил заманбап технологияда;
  - Мамлекеттик тилди жаштар арасында жайылтуу;
  - Мамлекеттик тил жана ааламдашуу.
- Катышуучулардын сүйлөө речинин тактыгы, илимийлүүлүгү, жеткиликтүүлүгү, учурдагы коомдун өнүгүүсүнө дал келүүсү белгиленген 15 мүнөткө чейин өлчөнөт.

## 5. Сынактын жеңүүчүлөрүн сыйлоо

- Сынактын жеңүүчүлөрүн сыйлоо төмөнкү категориялар боюнча өткөрүлөт:
  - Окуучулар (I орун, II орун, III орун);
  - ЖОЖдун окутуучулары (I орун, II орун, III орун);
  - Студенттер (I орун, II орун, III орун).

**Мамлекеттик тилди санариптештирүүгө багытталган «Эң мыкты долбоор» сынагын өткөрүү жана жыйынтыктоо**

**боюнча уюштуруу тобунун курамы:**

1. Аманова С.А.- Ош шаарынын мэриясынын социалдык өнүгүү бөлүмүнүн башчысы, уюштуруу тобунун төрайымы.
2. Маматкарим кызы Эркайым –Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын аймактардагы мамлекеттик тилди өнүктүрүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси, төрайымдын орун басары.
3. Тешебаева З.А.- ОшТУнун илим бөлүмүнүн башчысы, уюштуруу тобунун катчысы.
4. Жанибеков М.Ж.- ОшТУнун мамлекеттик тил боюнча проректор.
5. Амирбеков З.Ж.- Ош шаарынын мэриясынын мамлекеттик тил боюнча жетектөөчү адиси.
6. Досмуратов Т.- Ош шаарынын билим берүү башкармалыгынын усулчусу.
7. Саттарова А.Т.- ОшТУнун мамлекеттик жана орус тили кафедрасынын башчысы.